**“Бекитилди ”**

Аксы райондук билим берүү
бөлүмүнүн 2021-жылдын 10-майындагы
№ 87-б буйругунун негизинде

# Мамадалы Барпиев атындагы №19 “Жылгын» жалпы орто билим берүүчү мектебинин

# УСТАВЫ.

Жылгын айылы.
2021-жыл

## Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Мамадалы Бариев атындагы № 19 "Жыгын" жалпы орто билим берүүчү мектебинин УСТАВЫ.

1.Жалпы жоболор.
2.Мекеменин ишин уюштуруу.
3.Билим берүү процесси.
4.Билим берүүпроцессинин катышуучулары.
5.Мекемени башкаруу.
6.Мүлк жана материалдык-финансылык каражаттар.
7.Эл аралык кызматташтык.
8.Мекемени жоюу жана өзгөртүп уюштуруу.

### 1. Жалпы жоболор.

1.1. Аксы районундагы Мамадалы Бариев атындагы №19 "Жыгын" жалпы орто билим берүүчү мектеби мекемеси (мындан ары мекеме) Кыргыз Республикасынын ченемдик актыларына, "Билим берүү жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 10-беренесине "Жалпы билим берүү мекемеси жөнүндөгү" типтүү жобого ылайык иштелип чыккан ушул Уставдын негизинде билим берүү мекемеси катары ишмердүүлүгүн жүргүзөт.
Мекеменин толук фирмалык аталышы:
Мамлекеттик тилде: Мамадалы Бариев атындагы № 19 "Жыгын" жалпы орто билим берүүчү мектеби мекемеси
Расмий тилде:Учреждение Средняя общеобразовательная школа №19 "Жыгган" имени Мамадалы Бариева.
Мекеменин кыскартылган фирмалык аталышы:
Мамлекеттик тилде: Мамадалы Бариев ат №19 "Жыгын" ЖОББМ М-е
Расмий тилде: У-е СОШ № 19 "Жыгган" им. М Бариева.
Мекеменин юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы,Жалал-Абад облусу,Аксы району, Кызыл-Туу айыл аймагы, Жыгын айылы, Бектаап Артыкбаев атындагы көчөсү № 66.

1.2. Мекеменин үзгүлтүксүз билим берүү системасынын негизги бөлүгү болуп саналып,мамлекет тарабынан кепилдик берилген милдеттүү жана акысыз жалпы баштапкы жана жалпы негизги билим алуунун,ошондой эле акысыз жалпы орто билим боюнча Кыргыз Республикасынын жарандарынын укугун ишке ашыруу үчүн шарттарды түзөт.

1.3. Аксы районундагы Мамадалы Бариев атындагы № 19 "Жыгын" жалпы орто билим берүүчү мекемесинин иши төмөнкү принциптерге негизделет:
- республиканын бардык жарандарынын сапаттуу билим алуу укуктарына теңдиги;
- гумандуулугу жана жалпы адамзаттык баалуулуктарынын артыкчылыгы;
- жарандуулук жана патриоттук;
- билим берүү процессинин [illegible] жана үзгүлтүксүздүгү;

Республикасынын мыйзамдарында аныкталган учурлардан тышкары эмгек келишими менен каралбаган жумушту аткарууга мугалимдин каршы болушу аны кызматтан бошотууга негиз боло
албайт.

4.21. Башка категориядагы кызматкерлердин укуктары менен милдеттери тийиштүү типтеги дасыктык мүнөздөмөлөрү жана мекеменин уставы менен аныкталат.

## V. Мекемени башкаруу.

5.1. Мекемени башкаруу Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамына, "Жалпы билим берүү мекемеси жонүндөгү типтүү Жобого" жана мекеменин Уставына ылайык демократиялык, ачык -айкындык, өз алдынчалуулук жана мамлекеттик-коомдук кызматташтык принциптерине ылайык жүргүзүлөт.

5.2. Мекемеде тең башкаруунун тариздери болуп жалпы чогулуш, педагогикалык кеңеш,мектеп кеңеши, көзөмөлчүлүк кеңеши, ата-энелер комитети, окуучулардын өз алдынча башкаруусу эсептелет.

Тең башкаруу органдарын шайлоо тартиби жана алардын ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жалпы билим берүү мекемесинин уставында аныкталат.

5.3. Мекемеге түздөн-түз жетекчиликти директор жүзөгө ашырат.

Мекеменин директору Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы тарабынан кызматка дайындалат жана ээлеген кызматынан бошотулат. Директорлук кызматка пенсия жашынан өтпөгөн, жогорку педагогикалык билими бар, 7 жылдан кем эмес педагогикалык стажга ээ, Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларын, психологияны, менеджментти жана билим берүүнү каржылоону, мекемеде билим берүү маселелери боюнча мамлекеттик институттардын жана коомдук мекемелердин укуктарын жана милдеттерин билген Кыргыз Республикасынын жараны дайындалат.

Мекеменин директору менен 5 жылга чейинки мъънъткъ,бирок катары менен экиден ашык эмес мъънъткъ эмгек келишимин т\зът.

Мекеменин директору Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык кызматка дайындалат,которулат жана ээлеген кызматынан бошотулат.

5.4 Директордун орун басарлары (директордун окуу-тарбия иштер боюнча орун басары, мектептен жана класстан тышкаркы иштердин уюштуруучусу, социалдык педагог) жана чарба иштери боюнча орун басарын ишке дайындоо жана иштен бошотуу мекеме директорунун сунуштамасы менен билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун региондук органы тарабынан жүргүзүлөт. Педагогикалык жана башка кызматкерлерди жумушка алууну жана кызматтан бошотууну мекеме директору Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине жана мекеменин Уставына ылайык жүргүзөт.

5.5. Мекеме директору ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн), мамлекеттин жана коомдун алдында өзүнүн кызматтык милдеттерине, эмгек келишимине жана мекеменин уставына ылайык жекече жооп тартат.

5.6. Мекеме директору төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" жана "Мугалимдин статусу жөнүндө" мыйзамдарын, жалпы орто билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларын сактап, ишке ашырууга;
- билим берууну мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органдардын макулдугу боюнча педагогикалык кеңеш менен бирдикте мекеменин негизги өнүгүү багыттарын аныктап, ишке ашырууга;

- окутуунун динден тышкары мүнөзү;
- академиялык эркиндик жана ак ниеттик;
- жоопкерчиликтик жана натыйжалуулук;

1.4. Мекеменин өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана өзүнүн уставын жетекчиликке алат.

1.5. **Мекеменин негизги максаттары:**

- мамлекеттик билим берүү стандарттарын аткаруунун жана турмуштук компетенцияларына жетишүүнүн негизинде окуучулардын инсандык жалпы маданиятын калыптандыруу;
- кесиптик билим берүү программаларын ан сезимдүүлүк менен тандоо жана андан ары өздөштүрүү үчүн негиз түзүү;
- адамдын укуктары менен эркиндигин урматтоо, толеранттуу болууга, жарандуулукка тарбиялоо;
- мекенин, үй-бүлөсүн жана курчап турган айлана-чөйрөнү, эмгекти сыйлоо, сергек жашоо адаттарын калыптандыруу;
- адамдын, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыктары үчүн окуучуларды окутууну жана тарбиялоону жүргүзүү;
- инсандын ден соолугун сактоону камсыздаган жана ар тараптан өнүгүүсүнө, анын ичинде өз алдынча жана кошумча билим алуу зарылчылдыгын калыптандыруу; жогоркуларга жетишүү үчүн шарттарды түзүү.

1.6. Мекеме адамдын,коомдун,мамлекеттин кызыкчылыктары үчүн окуучуларды окутууну жана тарбиялоону жүргүзүп,инсандын ден соолугун сактоону камсыздаган жана ар тараптан өнүгүүсүнө,анын ичинде өз алдынча жана кошумча билим алуу зарылчылыгын канааттандыруу боюнча дагы ылайыктуу шарттарды түзүү.

1.7. Мекеме мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык жалпы башталгыч,жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнүн сапаты,билим берүү жана тарбиялоо процессин уюштурууда окуучулардын жашына жараша психологиялык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө, шыктуулуктарына жана жөндөмдөрүнө колдонулуучу тариздердин,усулдардын жана каражаттардын шайкештиги ,алардын өмүрлөрүн жана ден соолуктарын коргоо талаптары маалыматтык коопсуздукту камсыздоо боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте жооп тартат.

1.8. Жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим берүү күндүзгү тариздe жүзөгө ашырылат.

Окуучулардын физиологиялык жана психологиялык акыбалдарына байланыштуу жалпы билим берүү программалары үй-бүлөлүк жана жекече билим алуу тариздеринде өздөштүрүлүшү мүмкүн.

Жалпы билим берүү мекемесинин артык баскычтарында негизги жалпы билим берүү программаларын ийгиликтүү өздөштүргөн окуучулар өз алдынча билим алуу таризин экстернатты колдоно алышат.

1.9. Билим алуунун бардык тариздеринде конкреттүү негизги жалпы билим программасынын чегинде бирдиктүү мамлекеттик билим берүү стандарты иштейт.

## II. Мекеменин ишин уюштуруу.

2.1. Мекеме юридикалык жак катары уставы,эсептөө жана башка счеттору, мамлекеттик жана расмий тилдеринде почталык дареги жазылган гербдүү мөөрү, бурч- мөөрү (штамп) жана бекитилип берилген мүлкү бар мекеме

болуп саналат.

2.2. Мекеме Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тартип боюнча аттестациядан (аккредитациядан) өтөт.

2.3. Мекеменин уюштуруучусу: Аксы райондук билим берүү бөлүмү мекемеси (к.№119525-3303-У-е, ИУЖК коду 02169690, ИСН 02405199910065, юридикалык дареги: Жалал-Абад облусу.Аксы району,Кербен шаары,Т.Үмөталиев көчөсү-145 ).Мекеме уюштуруучунун же ал ыйгарым укук берген оргaндын макулдугу боюнча юридикалык жак же филиал статусу бар түзүмдүк бөлүмдөрүн түзүп,аларды өз алдынча күбөлүк менен камсыздайт. Түзүмдүк бөлүмдөр өзүнүн түзүмдүк бөлүмдөрүн ачууга укуксуз.

Юридикалык жак же филиал статусун алган түзүмдүк бөлүмдөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте мамлекеттик каттоодон өтүшөт.

Мекеменин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн мамлекеттик аттестациясы (аккредитациясы) Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарынын негизинде өткөрүлөт.

Берилген ишеним каттын негизинде иш алып барган түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилеринин дайындалышы жалпы билим берүү мекемесинин уставына ылайык жүргүзүлөт.

2.4. Мекеме Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келишимдин негизинде кесиптик уюмдарын жана бирикмелерин(педагогикалык ассоциацияларды,союздарды,окутуу-усулдук бирикмелерди ж.б кеёештерди жана уюмдарды) түзүүгө жана(же) алардын иштерине катышууга укуктуу.

2.5. Мекеме билим берүү процессинин катышуучулары жөнүндө жеке мүнөздөгү маалыматтардын купуялуулук режимин сактоого жоопкерчилик тартат.

Жеке мүнөздөгү маалыматтарды топтоо окуучулардын коопсуздугун камсыздоо максатында жалпы билим берүү мекемесинде ички колдонуу үчүн гана жүргүзүлөт.

Кызматтык абалына байланыштуу жеке маалыматтарга ээ болгон жалпы билим берүү мекемесинин кызматкерлери билим берүү процессинин катышуучулары жөнүндө жеке маалыматтардын купуялуулук режимин сактоого жоопкерчилик тартат.

Жеке мүнөздөгү маалыматтарды топтоо жеке мүнөздөгү маалымат жън\ндъ мыйзамдарга ылайык ишке ашырылат.

2.6. Мекемеде окуучулардын тамактануусун уюштуруу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен жүргүзүлөт.

2.7. Мекемеде класстардын саны жарандардын тапшырган арыздарына жана санитардык-тазалык эрежелери менен класстардын толукталышынын чектүү ченемдердин негизинде жалпы билим берүү процессин жүргүзүү үчүн түзүлгөн шарттарга байланыштуу болот.

2.8. Мекеменин класс комплектилеринин толукталышынын чектүү ченемин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт.

Чакан комплектүү жалпы билим берүү мекемесинин класстарынын толукталышы тийиштүү шарттар жана каражаттардын болушуна жараша белгиленет.

2.9. Мекеме окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) суранычтары боюнча Кыргыз Республикасынын тийиштүү ченемдик укуктук актысынын негизинде акы төлөнүүчү узартылган топторду ачууга укуктуу.

2.10. Мекеме балдардын психикалык жана физиологиялык деңгээлинин окууга толук даяр эместигин жоюу максатында алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) суранычтарын эске алып,уюштуруучунун макулдугу менен Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарынын негизинде компенсациялуу окутуу класстары ачылышы мүмкүн.

2.11. Мекеменин макулдугу боюнча Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарынын негизинде акыл-эсинде жана дене түзүлүшүндө кынтыгы бар окуучулар үчүн атайын(коррекциялоочу) класстары ачылышы мүмкүн.

Окуучуларды атайын (коррекциялоочу)класстарга которуу (жиберүү) алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугу менен психологиялык-медициналык педагогикалык консультациянын корутундусу боюнча билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы тарабынан Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамына ылайык жүргүзүлөт.

## III. Билим берүү процесси

3.1. Мекеме билим берүү процессин негизги жалпы билим берүү программаларынын деңгээлдерине ылайык мектептик билим берүүнүн 3 баскычында жүргүзүлөт:

- жалпы башталгыч билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү - 4 жыл);
-жалпы негизги билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү -5 жыл);
-жалпы орто билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү -2 жыл).

3.2. Мекемеге 6-7 жашка толгон балдар кабыл алынат, ар бир класста окутуунун узактыгы бир окуу жылынан кем эмес.

3.3. Биринчи баскыч : башталгыч жалпы билим берүүнүн милдеттери болуп. окуучуларды окутуу, тарбиялоо жана өнүктүрүү.

- алардын окуудагы, жазуудагы жана саноодогу жалпы билүүлөрү менен жөндөмдөрүн өнүктүрүү;
- логикалык ой жүгүртүү элементтерин жана таанып билүү ишин калыптандыруу;
-өз алдынча билим алуунун жана өзүн- өзү уюштуруунун жөнөкөй ыкмаларын үйрөтүү;
-жүрүм-турум жана сүйлөөнүн маданиятын калыптандыруу;
- өздүк тазалыгынын жана сергек жашоонун адаттарын өздөштүрүү эсептелет;
- жалпы башталгыч билим берүү, негизги жалпы билим алуу үчүн база болуп саналат.

3.4. Экинчи баскыч-жалпы негизги билим берүүнүн милдеттери болуп окуучуларды инсан катары тарбиялоо, түзүү жана калыптандыруу үчүн социалдык жактан өзүн- өзү аныктоого, өз алдынча иш тажрыйбасын өздөштүрүүгө жана өзүн-өзү көзөмөлдөөгө багытталган шыктарын жана компетенцияларын өнүктүрүү эсептелет.

Жалпы негизги билим берүү, жалпы орто билим, башталгыч жана орто кесиптик билим алуу үчүн база болуп саналат.

3.5. Үчүнчү баскыч-жалпы орто билим берүүнүн аяктоочу этабы болуп, окуучулардын туруктуу компетенцияларын жана чыгармчылык шыктарын өнүктүрөт, ошондой эле дифференцияланган окутуунун жана кесипти же эмгектенүүнү аң сезимдүү тандоо үчүн даярдоонун негизинде өз алдынча окуу көндүмдөрүн калыптандырууну камсыздайт.

Жалпы орто билим башталгыч. орто жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча окууну улантууга база болуп берет.

Жалпы билим берүү мекемесинде Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамында аныкталган экстернат тарзынен тышкары тездетилген окутуу программалары боюнча жалпы орто билим берүүгө жол берилбейт.

Акыл –эсин жана (же) дене түзүлүшүн коррекциялоого муктаж балдар үчүн атайын жалпы билим берүү мекемелеринин окутуу мөөнөтү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Мекемеде тийиштүү шарттар болсо окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) сураныччтарына ылайык ар кандай окутуу профилдерин жана багыттарын киргизүү мүмкүн.

3.6. Конкреттүү мекемеде жалпы орто билим берүүнүн мазмуну мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана негизги жалпы билим программаларынынынегизинде аныкталып,жалпы билим берүү мекемеси өз алдынча ишке ашырат.

Мекеме мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык өз алдынча иштеп чыккан модификацияланган жалпы билим берүү программаларынын экспертизасын педагогикалык багытта иштеген илим изилдъъ институту өткөрөт

3.7 Мекемеде окуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт.

Мекеме Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили деп аныкталган кыргыз тилин мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык окутат.Кыргыз Республикасынын расмий тили катары орус тили,ошондой эле бир чет тили Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги (мындан ары-Билим берүү министрлиги) бекиткен Базистик окуу планына ылайык окутулат.

3.8. Мекемеде тийиштүү шарттар (педагогикалык кадрлар, окутуу-усулдук каражаттар, материалдык-техникалык жабдуулар ж.б.) болсо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, негизги жалпы билим берүү программаларынан тышкары да кошумча билим берүү программаларын ишке ашыра алат жана кошумча билим берүү кызматын (келишимдин негизинде) көрсөтө алат.

3.9. Мекеме Кыргыз Республикасынын тийиштүү ченемдик укуктук актыны жетекчиликке алып, баа коюу системасын, окутуунун жана тарбиялоонун тариздерин, ыкмаларын жана усулдарын, ошондой эле окуучулардын которуу сынактарын мезгилдүүлүгүн жана тариздерин тандоого укуктуу.

3.10. Мекемеде Базистик окуу планынын негизинде иштелип чыккан иш окуу планы боюнча билим берүү процесси өткөрүлөт. Окуучулардын окуу жүктөмү чектелген жүктөмдүн ченеминен ашпаш керек жана Базистик окуу планынын окуу сабактарынын окутууга бөлүнгөн сааттарынын санынан төмөн болбош керек.

Мекемеде жеткиликтүү окуу жүктөмүнүн чегин эске алуу менен беш күндүк окуу жумалыгы белгиленет.

3.11 Мекемеде окуу жылы 1-сентябрдан башталат.Билим берүүнүн узактыгы I-II-III баскычтарында окуу жылынын узактыгы мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясынын мөөнөттөрүн эсептебегенде 34 жума, биринчи жана даярдоо класстарында 33 жуманы түзөт. Окуу жылынын ичиндеги каникулдар 30 календарлык күндөн кем эмес, ал эми биринчи жана даярдоо класстарында жыл ичинде бир жума кошумча каникул берилет.Мекеменин даярдоо класстарында сабактын созулушу 35 минута, биринчи класстарда сабактын созулушу 40 минута, ал эми 2-11- класстарда 45 минутаны түзөт.

Мекеме жылдык (календарлык) окутуу жүгүртмөсүн билим берүүнү мамлекетти. башкаруунун региондук органы менен макулдашып бекитет.

3.12. Мамлекеттик билим берүү саясатын ишке ашырган мектептин ишин мамлекеттик көзөмөлдөөнү билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жана билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун региондук органдары жүргүзөт.

3.13. Жалпы орто билим берүүнүн сапатынын кепилдигинин негизги таризи болуп аныкталган тартипте беш жылда бир өткөрүлүүчү мамлекеттик аттестациясы (аккредитациясы) эсептелинет.

## IV. Билим берүү процессинин катышуучулары.

4.1. Мекеменин окуу процессинин катышуучулары болуп окуучулар педагогикалык кызматкерлер (мындан ары мугалимдер) жана окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) эсептелинет.

4.2. Мекемеге бекитилген аймакта жашаган окуу жашындагы балдардын жана өспүрүмдөрдүн бардыгы арыздарынын жана аныкталган үлгүдөгү медициналык маалым каттарынын негизинде мектепте билим берүүнүн бардык баскычтарына кабыл алуулары сыноосуз, акчалай жана башка төлөмдөрсүз кабыл алынат.

4.3. Мекемеге кабыл алып жатканда окуучуларды жана ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) мекеме өзүнүн Уставы жана окуу процессин жөнгө салуучу башка да жергиликтүү документтер менен тааныштырууга милдеттүү.

4.4. Окуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:
- мекеменин ар кайсы этабына окууга кирүүгө жана билим алуунун таризин тандоого;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим алууга;
- кошумча билим берүү кызматын, анын ичинде акы төлөнүүчү да таризди алууга;
- мекеменин китепканасын, маданияттык-спорттук жана өндүрүштүк базасын пайдаланууга;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аныкташкан тартиптер боюнча бекер тамактанууга жана медициналык тейлөөгө, жүргүнчү автотранспортто жүрүүнүн женилдиктеринен пайдаланууга;
- Уставда аныкталган таризде мекемени башкарууга катышууга;
- балдар мекеменин ишин уюштурууга жана катышууга;
- инсандык кадыр-баркты урматтоого жана маалымат эркиндигине, өзүнүн жеке көз карашын жана ынанымдарын эркин айтууга;
- класстан жана мекемеден тышкаркы иштерге активдүү катышууга, өз каалоосу боюнча мекеменин айланасын жашылдандырууга;
- ъзүнүн же ата-энесинин каалоосу боюнча башка мекемеге окуу үчүн которулууга;
- жалпы негизги жана жалпы орто билим алууну ийгиликтүү аяктагандан кийин мамлекеттик үлгүдөгү билими жөнүндөгү документтерин өз учурунда алууга укуктуу.

**4.5. Окуучулар төмөнкүлөргө милдеттүү:**
- мекеменин уставын тутууга жана аткарууга;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деёгээлинде жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүгө;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символдорун билүүгө жана урматтоого;
- Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган кыргыз жана башка улуттардын салттарын, башка мекеменин окуучуларынын жана кызматкерлеринин ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоого;

- окуучулардын абийир кодексин милдеттүү түрдө аткаруу менен уставда көрсөтүлгөн окуучулар үчүн бирдиктүү формаларды, аларга коюлган талаптарды аткарууга жана урматтоого;
- өзүнүн ден соолугу жөнүндө кам көрүүгө жана мекеменин тазалыгын сактоого;
- ички тартипти сактоо боюнча мекеменин,анын ичинде мекеменин кийим талаптарын аткарууга, окууга бирдиктүү мектеп формасында келүүгө;
- коомдук жерлерде, мекемеде өзүн маданияттуу алып жүрүүгө;
- мекеменин мүлкүнө этияттык мамиле кылууга;
- билим берүү жана тарбиялык иш-чараларга активдүү катышууга милдеттүү.

4.6. Мекемедеги тартип, окуу процессинин бардык катышуучуларын инсандын кадыр-баркын урматтоосунун негизинде жолго салынат.
Окуучуларга карата кара күч жана психикалык зордук-зомбулук колдонууга тыюу салынат.

4.7. Мекеме окуучулардын жана ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугусуз окуу программаларында жана Базистик окуу планында каралбаган жумуштарды аткарууга мекемеде жол берилбейт.

4.8. Окуучуларды коомдук-саясий жана диний уюмдарга, партияларга жана аскердик түзүлүштөргө кирүүсүнө, алардын иштерине ,
агитацияларына жана саясий акцияларга катышуусуна мажбурлоого жол берилбейт.

4.9. Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүү бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясы менен аяктайт.

Тийиштүү класстардын негизги жалпы орто билим берүү программаларын толук өлчөмдө өздөштүргөн окуучулар жалпы билим берүү мекемесинин педагогикалык кеңешинин чечими боюнча кийинки класска көчүрүлөт.

Өткөн класстын (баскычтын) негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрбөгөн окуучулар Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык мекеменин кийинки классында (баскычында) окуусуна жол берилбейт.

4.10. Мекемеде мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөн бүтүрүүчүгө Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык мекеменин герби бар, мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ (күбөлүк, аттестат) берилет.

Мекеме жалпы негизги же орто билим берүүнү аяктабаган окуучуга аныкталган үлгүдөгү маалым кат тапшырат.

4.11. Жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын өздөштүрүүдө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчүгө мекеменин герби бар, мөөрү басылган билиминин артыкчылыгы жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документ (күбөлүк, аттестат) берилет.
Бир же бир нече сабактарды өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчү "Айрым сабактарды өздөштүрүүдө жетишкен өзгөчө ийгиликтери үчүн" -деген "Мактоо баракчасы" менен сыйланат.

4.12. Мекеменин педагогикалык кенешинин чечими жана балдардын иштери боюнча комиссиясынын макулдугу менен укукка каршы иш-аракеттерди жасаган жана мекеменин уставын көп жолу одоно бузгандыгы үчүн 15 жашка чыккан окуучу педагогикалык таасир этүүнүн чарасы катары мекемеден чыгарылат.

Балдардын иштери боюнча комиссия ата-энеси(мыйзамдуу өкүлү) менен бирдикте чыгарылган окуучуну башка мекемеде окуусун улантуу же ишке орноштуруу боюнча чечимин бир ай ичинде кабыл алат.

Жетим балдарды жана ата-энелеринен (мыйзамдуу өкүлдөрүнөн) ажыраган балдарды мекемеден чыгаруу жөнүндөгү чечим мамлекеттик администрациясынын

алдындагы үй-бүлөнү жана балдарды коргоо комиссиясынын макулдугу менен кабыл алынат.

**4.13. Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө укуктуу:**

- мекемени тандап, окуусун улантуу үчүн окутуунун бардык этабына балдарын жиберүүгө жана билим алуунун таризин тандоого;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде окуучулардын жалпы орто билим алуу укугун сактоону талап кылууга;
- балдардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого;
- уставда аныкталган таризде мекемени башкаруусуна катышууга;
- ата-энелердин класстык жана мекеме чогулуштарында окуу-тарбия иштерин жакшыртуу багыттарында жекече сунуштарды, пикирлерди айтууга;
- мекемени материалдык жактан колдоо максатында демөөрчүлүк жардамдарды берүүгө жана максаттуу жардамдарды уюштурууга;
- билим берүүнүн мамлекеттик башкаруунун региондук органына балдарды окутуу жана тарбиялоо маселелери боюнча кайрылууга.

**4.14. Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө милдеттүү:**

- балдардын саламаттыгынын сактыгын, алардын руханий жана дене боюнча жетилишин, үй-бүлөдө адеп-ахлактык жактан калыптанышын камсыз кылуучу тиричилик жана балага жалпы билим алуу үчүн зарыл шарттарын түзүүгө;
- балдардын күч-кубатына жана психикалык ден соолуктарына ар дайым камкордук көрүүгө;
- баланын окууга керектүү болгон шаймандары менен камсыз кылуу, окууга келишин камсыздоого;
- баланын окуудагы жетишкендиктери жана жүрүш-турушу менен мезгил-мезгили менен таанышып турууга, ата-энелердин чогулуштарына катышууга;
- мекемеден бош учурунда баласынын жүрүш-турушуна жана коопсуздугуна жооп берүүгө;
- баланын инсандык намысын урматтап, аны улуттук, тарыхый, руханий-маданияттык байлыктарын жана элдик салттарды Мекенин, айлана-чөйрөнү урматтоого тарбиялоого;
- балдардын мекеме эмеректерин, окуу куралдарын жана башка мүлктөрүн иштен чыгаргандыгы үчүн жооп берет, аларды калыбына келтирет;
- мекеменин уставындагы өзүлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин аткарууга жана балдардын тарбиясына жана балдары мекемеге зыян келтиргендиги үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдары аныктаган тартипте жооп берүүгө милдеттүү.

4.15. Мугалимдер үчүн жалпы жумуш берүүчү болуп мекеме эсептелет жана аны мекеменин директору жүргүзөт.

Педагогикалык кызматка билими жөнүндө диплому жана тийиштүү педагогикалык квалификациясын аныктаган педагогикалык адистикке ээ болгон адамдар жеке келишимдин негизинде кабыл алынат.

Педагогикалык билими жана дасыгы жок адамдар кайра даярдоо курстарынан өткөндөн кийин гана мекемеге иштөөгө укуктуу.

Соттолгон же Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тизме боюнча медициналык көрсөткүчтөрү бар жарандарга мекемеде иштөөгө жол берилбейт.

Педагогикалык иш жүргүзүү укугунан ажыратуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

4.16. Мугалимдердин эмгек мамилелери КРнын Эмгек кодексине ылайык түзүлгөн келишим менен жөнгө салынат.

**4.17. Мугалимдер төмөнкүлөргө укуктуу:**

- педагогдук ишти уюштуруунун усулдары менен түрлөрүн эркин тандап алууга;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, окутуу жана тарбиялоо усулдарынын негизинде автордук жалпы билим берүү программасын, окуу китебин, окутуу-усулдук колдонмосун иштеп чыгууга жана колдонууга;
- алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды жүзөгө ашырууга;
- өзүнүн аброюн жана кесиптик баркын коргоого;
- кесиптик ишин жакшыртуу максатында тиешелүү шарттарды талап кылууга;
- өзүнүн кесиптик денгээлин жана дасыгын жогорулатууга(бул максатта мекеменин админстрациясы мугалимдердин кайра даярдоо дасыктарын жогорулатуу курстарында окутуу үчүн тийиштүү шарттарды түзөт);
- Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык өз ыктыяры менен аттестацияланууга;
- Уставда көрсөтүлгөн тартипте мекемени башкарууга катышууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабыл алган кошумча социалдык кепилдиктерге жана жеңилдиктерге;
- окуу-тарбия иштерин жакшыртуу боюнча сунуштарын, пикирлерин педагогикалык кеңешмеде айтууга;
- өзгөчө синирген эмгеги үчүн "Ардак грамоталар", "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгиси, орден-медалдар жана башка сыйлыктар менен сыйланууга.

**4.18. Мугалимдер төмөнкүлөргө милдеттүү:**

- педагогдук этиканын ченемдерин сактоо менен мекеменин Уставынын талаптарын аткарууга жана урматтоого;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде окуучулардын негизги жана жалпы орто билим берүү программаларынын өздөштүрүүлөрүн камсыз кылууга;
- окуучулардын өзгөчөлүктөрүн, ишке чеберчилик менен мамиле кылууларын өнүктүрүүгө, жүрүм-турумдарын жогорку ахлактык сапаттарына тарбиялоого;
- өзүнүн кесиптик деңгээлин ар дайым өркүндөтүүгө жана дасыктарын кеминде 5 жылда бир жолу жогорулатууга;
- окуучуларга карата моралдык жана күч ыкмаларын колдонбоого;
- өзүнө бекитилген класста сабак берген мугалимдер, ата-энелери менен тыгыз байланышта болуп, окуучулардын терең билим алуусуна, эмгекти сүйүүсүнө, маданияттуу жүрүм- турумга ээ болуусуна жетиштирүүгө;
- өз кесиби боюнча окуу кабинетинин жасалгаланышы жана материалдык базасынын толукталышына салым кошууга.

4.19. Мугалимдерге берилүүчү педагогикалык жүктүн өлчөмү окуу планы боюнча саттардын санына, мекеменин кадрлар менен камсыздалышына жараша аныкталат. Окуу планынын сааттарынын саны азайтылбаса же класстардын саны кыскартылбаса окуу жылынын башында белгиленген окутуу жүктөмүнүн өлчөмүн(педагогикалык иши) окуу жылынын ичинде мекеменин админстрациясынын демилгеси менен 1 ставкадан төмөн кыскартылбайт.

Жаёы окуу жылынын башында окутуу жүгүн белгилөөдө бул мекеме негизги иш орду болуп саналган мугалимдер үчүн класстарда сабак өтүү өлчөмү жана окутууну улантуу сакталат.

4.20. Мугалимдин макулдугусуз кесиптик милдеттеринде жана келишиминде каралбаган жумуштарга тартууга жол берилбейт.Кыргыз

- админстрациялык-аткаруу органдарында жана башка мекемелерде мекеменин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого;
- мугалимдерди жана техникалык кызматкерлерди тандоону, алардын функционалдык милдеттерин аныктоону жана жеке келишимдин негизинде жумушка алууну, аларды бошотууну жүргүзүү менен педагогикалык кеңешти жетектөөгө;
- билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы менен макулдашылган окуу планын мугалимдер менен бирдикте жүзөгө ашырууга;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана негизги билим берүү программаларынын чегинде окуучулардын билимдеринин жеткиликтүүлүгүн жана сапаттуулугун камсыз кылууга;
- мугалимдердин дасыктарын жогорулатууга жана алардын кесиптик өсүшүнө шарттарды түзүүгө жана көзөмөлдөөгө;
- билими жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документтерин тапшырууну уюштурууга жана аларды даярдоо үчүн бүтүрүүчүлөр жөнүндө тапшырылуучу маалыматтын тактыгын камсыздайт жана жооп берет;
- класстан тышкаркы иштердин мазмуну аркылуу окуучулардын тарбиялоо ишин камсыздоого жана көзөмөлдөөгө;
- балалыкты коргоо, жашы жетпегендердин укуктары жана кызыкчылыктарын сактоо боюнча талаптарды көзөмөлдөөгө жана сактоого;
- мекеменин каржылык-чарбалык ишин жетектөөгө жана көзөмөлдөөгө;
- гранттардын жана инвестициялардын, ата-энелердин өз эрки менен тапшырган төгүмдөрүн, анын ичинде кошумча билим берүү кызматынан түшкөн кирешелерди натыйжалуу пайдаланууну көзөмөлдөөгө жана жекече жооп берүүгө:
- мекемеде өрткө каршы коопсуздук боюнча, ошондой эле окуу учурунда окуучулардын жана башка кызматкерлердин өмүрүнө коркунуч келтирген же алардын өлүмүнө алып келген учурлардын татаалдыгына жана күнөөсүнүн денгээлине жараша Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартиптик, админстративдик жана кылмыш жоопкерчилигин тартууга;
- мекеменин материалдык-техникалык базасын эсепке алуу жана сактоо,техникалык коопсуздугун жана санитардык тазалык режимин сактоо,окуучулардын жана кызматкерлердин эмгегин коргоо үчүн жооптуу болууга жана алар үчүн жооп тартууга;
- кызматтык милдеттерге мекеменин Уставына жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык башка да милдеттерди аткарууга.

## VI. Мүлк жана материалдык-финансылык каражаттар.

6.1. Мекеменин ишин камсыз кылуу максатында уюштуруучу, же ал укук берген орган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте өзүнө таандык менчикти (мекеме имараты, курулуштары, жабдуулары жана башка мүлктү) мекемеге бекитип берет.

Мекемеге жер үлүшү Кыргыз Республикасынын мыйзамында аныкталган тартипте бекитилип берилет.

Мекемеге бекитилип берилген мүлк билим берүү максатынан тышкары алынып коюлушу же ажыратылышы мүмкүн эмес.

6.2. Мекеменин уюштуруучусу же ал ыйгарым укук берген орган жалпы берүү мекемесинин имаратын пайдаланууда төмөнкүлөргө милдеттүү:

- мекеменин имараттарын тиешелүү техникалык,санитардык,ърткъ каршы экологиялык жана архитектуралык, эстетикалык абалда кармоого;
- объекти пайдалануунун бүткүл ченемдик мөөнөтүнүн ичинде,пайдалануу учурунда оңдоп-түзөө иштерин кошкондо долбоорлук-сметалык жана

техникалык документтерин.техникалык көзөмөлдөө журналдарын сактоого;

- пайдаланылып жаткан имараттардын техникалык абалына беш жылда бир жолудан кем эмес экспертиза жүргүзүүгө:
- пайдаланылып жаткан объектилерге мезгил-мезгили менен оңдоп -түзөө иштерин жүргүзүүгө, имараттарды пайдаланууга көзөмөл жүргүзүүчү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын талаптарын аткарууга:

6.3. Мекеменин уюштуруучусу макулдугу менен ашканасын, спорт залын жана жер үлүшүн КРнын мыйзамдарына ылайык арендага берүүгө укуктуу.
Эгерде мекеменин негизги фонддорун үчүнчү тараптын пайдасына ажыратуу каралса, мекеме бүтүм чыгарууга укуксуз.

6.4. Мекеменин мүлкүн жана каржылоо ресурстарын топтоо булактары болуп:

- республикалык жана жергиликтүү бюджеттер;
- уюштуруучу болуп саналган жекече жана юридикалык жактардын, чет өлкөлөрдүн жана жарандардын каражаттары;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тыюу салбаган бюджеттен тышкаркы ишкердүүлүктөн түшкөн мекеменин өзүнүн каражаты (аренда ж.б.);
- депозиттик салымдардан түшкөн кирешелер;
- жекече жана юридикалык жактардын, анын ичинде чет өлкөлүктөрдүн да өз ыктыяры менен кошкон каражаттары, кайрымдуулуктары жана максаттуу төлөмдөрү;
- акы төлөнүүчү кошумча билим берүү кызматтарын уюштуруу;
- билим берүүнү колдоочу фонддорду түзүү;
- кредиттер;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар эсептелет.

6.5. Жекече жана юридикалык жактар белек, кайрымдуулук же керээз катары берген акчалай каражаттарына, мүлккө жана менчик объектилерине, ошондой эле өз ишкердүүлүгүнөн түшкөн кирешелерден жана ошол кирешеге сатып алынган менчик объектилерине мекеменин менчик укугу бар.

6.6. Мекеме өзүнүн карамагындагы акчалай каражаттарынын жана менчигинин чегинде өз милдеттери боюнча жооп берет.

6.7. Мекеменин финансылык-чарбалык ишин мамлекеттик көзөмөлдөөнү текшерүү органдары тийиштүү ченемдик укуктук актыларынын негизинде жүргүзөт.

6.8. Республикалык жана муниципалдык билим берүү мекемесин каржылоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, каржылоо каражаттары болсо, мекемени ченемдерден ашык каржылашы мүмкүн.

## VII. Эл аралык кызматташтык

7.1. Мекеме Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте чет өлкөлүк ишканалар, мекемелер менен түз байланыш түзүүгө жана банк мекемелеринде валюталык эсептерин ачууга укуктуу.

## VIII. Мекемени жоюу жана өзгөртүп уюштуруу

8.1. Мекемени кайра уюштуруу же жоюу иштери окуу жылынын аягында жүзөгө ашырылат. Окуу жылынын аягында мекеме жоюлса же өзгөрүлүп уюштурулса, билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун региондук органы, окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен макулдашып, аларды башка билим берүү мекемелерине которуу боюнча жоопкерчилигин өзүнө алат.

8.2. Мекеменин билим берүү ишмердүүлүгү токтотулган мезгилде окуучулар башка мекемелерге жайгаштырылат жана мекеменин материалдык-техникалык базасы, мүлкү өткөрүп берүү актыларынын негизинде мекеменин уюштуруучусунун чечими боюнча башка мекемелерге өткөрүлүп берилет.

8.3. Мекеменин жоюлушу жана өзгөртүп уюштурулушу КРнын Жарандык кодексинде жана КРнын "Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө" Мыйзамында аныкталган тартипте ишке ашырылат.

8.4. Мекеменин Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана кабыл алуу иштери мекеменин педагогикалык кеёешмесинин жана мекеме кеңешинин чечими менен жүргүзүлөт.

**Устав мекеме Кеңешинин**
**«7» май 2021-жылдагы №4 токтомунун**
**негизинде кабыл алынды.**

Мектеп директору: У.Шерматов.

Жалпы бөлүм
Общий отдел

Жалал-Абад облусунун юстиция башкармалыгы
Номурленгени, тигилгени жана моор
басылганы бардыгы 15 баракта
2021 ж. 11- майы

Управление юстиции Жалал-Абадской области
Всего пронумеровано, прошнуровано и
скреплено на 15
11 мая 2021 г.